УДК 37

Койлубаев К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОТОРЧУЛУК - БИЙЛИКТИН БИЛИМ БЕРҮҮ САЯСАТЫ

*Макалада кыргыз жергесиндеги падышалык орус бийлигинин билим берүүдөгү тымызын аракети жана анын өз мезгилинин билимдүү адамдарынын чыгармаларында, эмгектеринде чагылдырылышы иликтөөгө алынат.*

XIX кылымдын экинчи жарымы, XX кылымдын башындагы кыргыз элиндеги билим берүү тармагы Кокон кандыгы жана орус падышачылыгынын бийлик саясаты менен жакындан байланыштуу.

1855-жылдан 1875-жылдар аралыгында кыргыздар толук орус падышачылыгына караганы менен, элдин көптөн күткөн үмүтү акталган эмес. Салыктан тышкары жергиликтүү элдин мал чарбачылыгына ыңгайлуу жерлери, дыйканчылыкка ылайыктуу суусу мол түшүмдүү аймактары тартылып алынган. Падышачылык бийлик тымызын оторчулук саясатын жүргүзүп дин, тил маселелерине катуу кийлигишет. Мындагы алардын түпкү максаты жергиликтүү элди орусташтыруу болгон.

XIX кылымдын 70-жылдарынан баштап кыргыз жергесинде орус-тузем мектептери уюштурула баштаган жана ал жерлерде котормочу, катчылар гана даядалган. Тактап айтканда, оторчулук бийликти тереңдетип орнотуу, башкаруу үчүн көмөкчү адистер даярдалган. Мындай максатты биз орус падышачылыгынын ошол мезгилдердеги билим министри Д.А.Толстойдун чыгарган төмөнкүдөй расмий буйруктарынан көрө алабыз. Анын бирин окуп көрөлү: «Биздин мекенибиздин чегинде жашаган каны, тукуму бөлөк (инородцы) элдерге билим берүүнүн түпкү максаты – аларды орусташтыруу жана ассимиляциялоо болуш керек экендиги талашсыз нерсе».

Колониялык бийликтин билим берүү түзүлүшүндөгү мындай тымызын саясатын өз учурунун билимдүү кишилери көрө билишип, өздөрүнүн так пикирин ачык айта алышкан. Алардын бири катарында Алдаш Молдонун мындай ыр саптарын келтирүүгө болот:

Падыша залим Николай
Балекет баскан иттер ай
Билимге качан тең кылды
Артыкча биздин кыргызды
Бирине-бирин жем кылды

Же болбосо орус тузем мектептерин окуп бүткөн окүлдөргө берген баасын көрөлү:

Эшмуканбет, Касымбай
Караколдон училиш
Гимназия бүтүрдү ай
Эч илимге жетпеди
Байкап көрсөм мансабы
Бесирликтен өтпөдү [2].

Алдаш Молдонун жогорку пикиринин так берилгендигин залкар окумуштуу К.Тыныстановдун ушул эле тармакка берген баасы менен дал келип үндөшүп тургандыгы менен да түшүндүрүүгө болот: «Бадыша өкмөтү кыргызча мектеп ачып берген жок. Кыргыздын өз ене тилинде алакандай кагаз чийүүгө уруксат кылган жок. Бирин серин мектеп ачып, бай-манап балдарын жыйнап, аларды орусча окутуп, елди езе турган бузуку тимечтер дайардоого тырышты. Калын букарага куран окууга гана уруксат кылды. Бүткүл ак-селделүү молдолорду акчага сатып алып, алардын жардамы менен да елдерди эзди. Жаңыча окуган каапыр болот, бадыша кудай эмес, кудайдан кем да эмес дегизип шарыйат

айткызып койду. Мына, ошонун кесепетинен елдин бары  кат таанybай, сабатсыз калып, өнөр-билмге жетише алган жок» [3].

Берилген мисалдардан биз падыша өкмөтү кыргыздардын өз учурунун талабына жооп берген билимге ээ болуусун каалабагандыгын көрөбүз. Ошондой эле алар өзүлөрүнө чейин ачылган мектеп, медреселердин өнүгүшүнө дагы чектөөлөрдү киргизишкен:

1. Жаңы медреселер Туркестан генерал-губернаторунун уруксаты менен гана ачылат;

2. Анын мудариси (мугалим) училищелердин башкы инспектору тарабынан гана кызматка алынат жана бошотулат.

3. Медреселерге орустун цензурасы уруксат кылып, Россияда жана чет мамлекеттерде басылган китептер гана пайдаланылат. Турция жана башка жактардан чыккан китептерди өз бетинче сатып алууга тыюу салынат.

4. Жергиликтүү администрация медреселердеги окуган окуунун жүрүшүнө дайыма контролдук кылып, андагы эрежелердин сакталышын байкап турат.»

Мындай кам көрүүлөргө карабастан, орус-тузем мектептери кыргыз жергесинде ошол эле учурда алыскы жана коңшу түрк тилдүү элдерде иштеп жаткан жана жергебизде ачылган жаңы ыкмадагы (усили жадид) мусулман мектептериндей тез жана кеңири тамырлай алган эмес. Анкени анда дин, тил маселери каралбаган. Албетте, бул мектептерде дагы жергиликтүү буржуазия үчүн сабаттуу адистер даярдалган.

Жадиттик багытта негизги күч  татар буржуазиясы болуу менен, аны Орто Азияга таратышкан. Чындыгында эле, орто кылым мезгилине ылайыкталып түзүлгөн мектептерде окутуунун ыкмаларын жаңыртуу ошол мезгилдин талабы болгон. Жергиликтүү эл тарабынан мындай жаңы ыкмадагы мектептер жылуу кабыл алынгандыгын жана бийлик ээлери да «усили жадид» мектептерин колдогондугун алгачкы тарыхчыларыбыз да белгилешкен: «… 1900-жылында Токмокко Закир Адаммылла Абдылкашап уулу деген ногой келип ушундан баштап усул жадид боюнча окуп, билим кеңейе баштап Бакча сарайдан (Крым) чыккан «Таржыман» деген гезитти алып окуй баштады».

«Ал кезде «Кожо Хафиз», «Чахар китеп» окуп, маанисин билбей курулай гана окуу менен илим тамам болор эле… бу зат ошол дөөлөтү менен Мухаммед Али деген дамбылда алдырды. Ошол кезде шариятты толук билүү, илим алуу, окуу бир топ илгериледи. Талаадагы койчулар, жылкычылар да сабак окуй турган болуп кетти… Ошондой абал башталганына он жыл өткөн жок, ошол азыр да 1901-1902-жылдары Троскиден  Токмок шаарына Закир кары жана Вохабов жанапылары келди. Ошол учурда шакирттер ушунчалык көбөйүп кетти, Токмокто турган Чаваков деген улугубуз кыргыз баласын шаардан окубай турган кылып кууй баштады, Шабдан баатырдын сурануусу, устатыбыз Закир дамбылданын демилгеси аркасында балдар таралып кеткен жок”.

Бул жаны багыттагы окутууну И.Гапиринский иштеп чыгып, 1884-жылы Бакча сарайда ачылган мектептерде балдарга ушул жаңы ыкма менен билим бере баштайт. Жарым жыл ичинде эле арабча жана түрк тилинде окуганды, жазганды үйрөтүп, алгачкы диний эрежелерди өздөштүрүүгө жетише ала тургандыгын ал орус мектептеринин үлгүсү боюнча окутуунун тыбыш ыкмасын колдонуу менен далилдеген. Жыйынтыгында, эски ыкмадагы мектептерден болгон анын артыкчылыгын түшүнө баштаган окуучулардын саны бул мектептерде уламдан-улам көбөйө берген.

Татарлардын, казактардын, кыргыздардын жана башка түрк тилдүү элдердин усили жадид мектептеринин окуу программасы учурунда бир нече жолу жарыяланган. Алардын бири катарында колунда бар жергиликтүү адамдар тарабынан уюштурулган Токмок шаарындагы Экбалия медресесинин окуу планын көрсөтө кетели:

1. Мугалиму Шарша (Учитель шарията).

2. Тарихи ислам (История ислама).
3. Минг бир Хадис (1001 изречение Магомета).
4. Куран (Книга святого Магомета).
5. Тахарат (Омовение).
6. Гакида (Учение о вере в бога и пророков).
7. Мунтхаб (Молитва, богослужения).
8. Намаз (Молитва, богослужения).
9. Тарихи Анбия (История пророков).
10. Анны Киаарат (Новое чтение).
11. Гамали Хисаф (Арифметический задачник).
12. Мухтасар Джаграфия (Краткая география).
13. Рузы – Закат (Пост и пожертвование) [6].

Аталган мектептер, мейли кандай максаттарды көздөгөнүнө карабастан, алгачкы кыргыз совет интеллигенциясынын калыптанышындагы маанисин тана албайбыз. Андагы окуучу-шакирттер кат-сабатын ачып диний билим алуу менен эле чектелбестен, диний чыгармалар, чыгыш акындарынын көркөм мурастары, батыштагы болуп жаткан коомдук өнүгүп-өзгөрүүлөр менен дагы таанышууга шарт түзүлгөн.

**Адабияттар:**

1. Социальный путь культурного прогресса отсталых народов. - Алматы, 1967. К-те: Байгазиев С. Ала-Тоодогу агартуунун кыскача тарыхынын кыскача очерки. – Б., 2005, 22-б.

2. Алдаш Молдо. Хал заман. К-те: Кыргыз поэзиясынын антологиясы.- Б., 1999, 709-б.

3. Тыныстанов К. Падыша заманындагы агартуу иштери. К-те: Тыныстанов К. Алгачкы эмгектер. – Б., 2001, 27-28-бб.

4. Осмонкулов А. Кыргыздарда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. – Ф., 1974, 43-44-бб.

5. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – Б.: Учкун, 1993, 86-б.

6. Сыдыков О. Тарих кыргыз Шадмания. – Ф., 1990, 37-38-б.

7. Чукубаев А. Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии. – Ф., 1967, 65-66-бб.